кооператив «Шампань Сереаль» ун даярдоочу «Нютриксо» компаниясы менен бирдикте иш алпарышат.

Эт даярдоо тармагында иштеген кооперативтерде абдан чоң контраст байкалат, себеби кыска өндүрүш тармагында иштеген кооперативтер өтө чоң вертикалдык интеграция менен иштеген кооперативтер, ошол эле учурда тоют даярдоо, малды союу, этти кайрадан иштетүү, эт сатуу, ишиндегилер менен дагы иш жүргүзүөт. Мындай кооперативтер адатта уй этин даярдоочу региондордо Лумузен, Бургундия, Овернь борбордук райондордо өнүккөн.

Экинчиден, чочко жана канаттуулардын этин даярдоочу кооперативтер негизинен батыш райондордо Бретания, Луара өрөөндөрүндө жайгашкан.

Акыркы жыпдарда майда кооперативтердин саны азайышы менен көлөмү чоң кооперативтер көбөйүп жатат. Аларда эигек өндүрүмдүүлүк жогорку ылдамдыкта өсүп жатат, себеби өндүрүштүк каражат, техника менен жабдылышы өнөр жай тармагынан дагы жогору. Кийинки 25 жыл ичинде фрацуз фермерлеринин саны эки эсеге кыскарган өнөр жай тармактарына салыштырганда француз фермерлеринин эмгек өндүрүмдүүлүгү эки эсе жогору.

Эң жогорку техника менен жабдылган автомобил чыгаруучу тармак менен салыштырганда айыл чарбанын өндүрүмдүүлүк деңгээли абдан жогору. Европалыкк бирикме боюнча Франциянын өндүргөн продукциясы 23пайызын ээлейт. Башка тармактарга салыштырганда азыркы айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүк дең гээли абдан жогору.

***Искаков Тенти***

*Кашкари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору*

## ЭМНЕ Ү ЧҮ Н ЭКОНОМИКАБЫЗ АҢГА ТҮШТҮ

***Аннотация:*** *Кыргыз республикасы рыноктук экономикага өтүүнүн тездетилген ыкмасын колдонуу менен иш жүзүндө көптөгөн каталыктарды кетирип республикасынын экономикасын кескин томондотуп жиберди. Экономиканы кайрадан туура жолго салып өнүктүрүү чарбачылык жүргүзүүнү коллективдештүрүү ыкмасын колдонууну сунуш кылынат.*

***Аннотация:*** *При переходе к рыночной экономике Кыргызская Республика применяло ускоренной метод который нарушила плавный переход к рынку в этой связи в экономике происходило отставание. Для ускорения развития экономики следует использовать коллективный метод ведения хозяйства.*

***Негизги тушунуктор:*** *Базар экономикасы, экономиканын өнүгүшүн тездетүү,*

*Коллективдештирүү ыкмасы менен чарба жүргүзүү.*

***Ключевые слова:*** *Рыночная экономика, ускорение развите экономики, коллективный метод ведение хозяйства*

СССР саясый жана экономикалык жактан бирдиктүү эң жакшы өнүгүп жаткан согуштук куралы даярдыгы, тартиби, кубаты күчтүү  чоң мамлекет кыска мөөнөт ичинде бөлүнүп- жарылып түшкө кирбеген эч бир адамдын оюуна келбегендей кыйроого уучурап жок болуп кетти. Союзга мүчө болгон мамлекеттер таркашып өз алдынча көз карандысыз мамлекеттер болуп калышты.

Ошол мамлекеттердин ичинде биздин сүйүктүү  Кыргызстанда бар. Кыргыз эли улуу акылман Владимир Ильич Лениндин саясатынын негизинде эл катары сакталып өзүнчө мамлекетке айланган. Союз учурунда кыргыз элинин маданияты, илим - билими, техникасы, айыл чарбасы өнүккөн алдыңкы индустриалдуу мамлекет болуп калган. Бирок, кыргыз элинин каада-салты, тили, акырындык менен тымызын жоголо баштаган. Мындай болуунун себептерин айтырбай эле көпчүлүк эл өздөрү  түшүнөт деп ойлойм. Эгерде ушундай абалда жашоо улана берсе кыргыз тили жоголуп кетиши да ыктымал эле. Мунун дагы негизги бир себеби чоң шаарларда жашаган кыргыздар өз балдарын жалаң орус тилдүү  мектептерге орноштурууга жапырт өтө баштаган. Себеби орус тилинде жакшы сүйлөгөн жаза билген адистер жогору баалонучу.

Биринчи иретте кызматка алынуучу биз кыргыздар ошол илдеттен дагы эле бошоно албай жатабыз. Кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча жогорку деңгээлде официалдуу документтердин кабыл алынгандыгыгына карабастан айрыкча атка минерлер, депутатар, билим деңгээлин көрсөтүш үчүн уялбай эле орус тилинде сүйлөп жүрүшөт.

Сөз башында ниеттенген экономика жөнүндөгү  маселеге өтөлү. Советтер Союзу 15 республикадан көптөгөн крайлардан, автономиялык областардан турган табыйгы ресурстарга кен байлыктарга, минералдык заттарга бай эч кимге, эч нерсеге муктаж эмес абдан күчтүү чоң мамлекет болгон. Ал мамлекет эл аралык соода жүгүртүүгө да көз карандылыгы жок болучу. Себеби мамлекет ичиндеги крайлар, республикалар, областар арасында ресурстарды, материалдарды, товарларды бири-бирине алмаштыруу, бөлүштүрүү  менен эле маселе оңой чечилген.

Маселе бөлөк жакта болучу. Социализм орногондон кийин көп жылдар бою Совет эли «коммунизимге карай» деген коммунисттик партиянын чакырыгына шыктанып ачкалыгыгына, кийим-кечеси жоктугуна карабай чоң демилге менен иштей беришти. Бирок коммунизмдин карааны көрүнбөдү. Мамлекеттик идеологияга, социалдык жана чарбалык иштердин баардыгына жетекчилик кылып жол көрсөткөн Коммунисттик партиянын уятсыз эки жүздүү  саясатына наааразы болгон эл таакыр эле аларга ишенбей өздөрүнүн билгени менен жашоосун иш жүзүндө жүргүзүп калган. Натыйжада эл мурдагыдай улуу максатты көздөбөй, партияга ишенбей, коомдук ишке

активдүү катышпай, эмгек тартиби таакыр бузулуп, эмгек өндүрүмдү үлүк төмөндөп, эл чарбасынын көпчүлүк тармагы начарлап, Союздун курамындагы республикалар таркап өз алдынча көз карандысыз мамлекеттер жаралды.

Ошентип, марксизм-ленинизм иштеп чыккан теориянын негизинде өнүгүп жаткан көп өлкөлөр, кайрадан капиталистик рынок жолуна өз калоолору менен түшүп беришти. Батыш Европалык жана Американык капиталисттердин кубанычтары койнуна батпай өтө сүйүнүү менен кабыл алышып, кандай өнүгүүнүн жолун сунуштай башташты. Алардын негизги сунушу тез эле бир секирүү менен «шоковый терапия» деген ыкманы колдонуп коомдук чарбалык системаны талкалап рынокко өтүп кетишсе эле конкуренция пайда болуп тез эле экономикалык жактан өнүгүп кетүүгө болот деп ишендиришти.

Алды менен социалисттик системада өнүгүп жаткан Чыгыш Европалык мамлекеттер – Чехословакия, Полша, Венгрия, Руминия жана Балтика боюндагы Латвия, Литва, Эстония капиталисттик рынок жолу менен өнүгүүнү чоң сүйүнүү менен кабыл алышты. Себеби алардын көпчүлүгү социализм учурунда эле жеке чарбаны өнүктүргөн өз алдынча болууну каалаган мамлекеттер болгон. Ошондуктан аларга салыштырмалуу тезиреек рыноктук мамилеге өтүп кетишти.

Рыноктук системага өтүүдө «шоковый терапия» ыкмасын колдонууну каалабаган жетекчилер Белоруссия президенти А. Лукашенко, Өзбекистан президенти И. Каримов болушту. Алардын мал-мүлкү негизги каражаттары элге таркатылып, таланып жок болуп кетпеди. Ошондуктан чарбачылык жүргүзүүгө кыйынчылык жаралган жок.

Рыноктук системагага тез эле өтүп кетүүнү көздөгөн айрыкча кыргыз президенти академик А. Акаев өтө эле чоң иш жасап коомдук бирикмелерди, ишканаларды колхоз совхоздорду, завод-фабрикаларды, соода, транспорт жана башка мамлекеттик уюмдарды, так айтканда бүт эле социалисттик түзүлүштү, экономиканын базасын акылга сыйбагандай таркатып, көпчүлүгүн уурдап, талап, талкалап жок кылышты. Мына ушундай билип же билбей экономикалык базаны бүлдүргөндүгү үчүн, кылган кыйратуусуна кыргыз элинин алдында так жооп бериши керек эле. Жооп бермек түгүл кайрадан эле элдин байлыгын талоону, билдирүүнү, уурдоону жүргүзө бериш үчүн үчүнчү мөөнөткө президент болууга аракет кылгандыгына кыргыз эли чыдай албай жапырт көтөрүлүшкө чыкканда Акаев аргасыздан качып кутулду.

Иштин ушундай болорун президентибиз Аскар башынан эле билсе же сезсе керек, бара турган жерин даярдап кыргыздын көп байлыгын долларга айландырып бай чет өлкөлөрдүн банктарына ири суммаларды которуп, жеткелең жашоосуна кам көрүп жүргөн экен. Тез эле Москвадан үй, кооро-жай, жер сатып алып, жыргап - куунап жашап жатат деген маалымат таркады. Кыргызстанды аңга салып, карызга батырып, экономикалык базасын согуш болгондон да жаман талкалап, кыйратып кетти.

А. Акаевтен кийики президент К.Бакиев элдин алдында берген антын, убадасын таакыр унутуп өзүмчүл, эгоисттик, өтө ыплас, үй-бүлөөнүн кызыкчылыгын колдогон саясат жүргүзгөндүгүнөн кыргыз эли аны дагы аялдары, инилери менен чогуу кууп жиберүүгө туура келди. Бул дагы Акаевтен өткөн жеп-ичкич, өзүнүн жана үй-бүлөөсүнүн кызыкчылыгын көздөгөн жөндөмсүз президент болуп чыга келди.

Жалпы мамлекеттин экономикасы жөнүндө сөз кылууга келгенде ошол саясатты жүргүзүүчү адам жөнүндө сөз кылууга туура келет экен. Рынокко өтүүчү саясатты Акаев туура эмес баштады. Бакиев таакыр талкалады. Экономикалык абал, элдин турмушу аябай начар абалда калды.

Рынокко өтүүнүн негизги талабы жеке чарбалардын көп болушу алар башка чарбалардын көпчүлүктүк, мамлекеттик, коомдук, кооперативдик ишканалар менен конкуренцияда (атаандашуу) болушу керек. Мына ушундай болгон учурда гана рынок өнүгөт, бул экономикалык илимдин талабы. Бирок майда дыйкан жана фермердик чарбаларга жол көрсөтүп жетекчилик кылган коммунистик партия жок болду жана тейлөө көрсөткөн адистер жок болуп жатпайбы. Мындай учур океандын бетинде башкаруусуз калган кемеге окшоп калды. Ал кеме кайда, кантип сүзүп барууну ишке ашыра албайт эмеспи.

Биздеги дыйкан, фермердик чарбалар деген аталыштар таакыр туура эмес. Себеби ал чарбалардын пайдаланган жер аянттары өтө эле кичине 5-10 гектарга да жетейт айыл чарба техникасы, шаймандары, короо жайлары жок, жалданып иштеген жумушчулары болбойт. Ошондуктан аларды үй чарбалар деп эле атаган туура болоор. Майда чарбалардын системалуу тыкыз байланышы жок болгондуктан бирдиктүү иш жүргүзүүгө мүмкүн эмес. Ар бир үй-бүлөө өз алдынча жанталашып аракет кылууда.

Аларга жалпы жетекчилик кылуучу коммунисттик партия жок болду. Чарбаларды ар кандай кызмат менен тейлөөчү агроном, инженер, зоотехник, ветврач баардыгы ишсиз көчөдө калышты. Себеби аларга майда дыйкан, фермердик чарбалар кызмат акы төлөп кармай албайт, күчү жетпейт. Ал чарбалардын, каражаты жетишсиз же таакыр эле колунда жок. Айыл чарба жумуштарын уюштуруп, ишти системалуу жүргүзүп, жыйынтыгына жооп берүүчү адам жок. Ошентип конкуренция (атаандашуу) тийиштүү деңгээлде жүрбөй жатат.

Көптөгөн майда чарбаларды бириктирип системалуу түрдө ишти башкарууну билген, уюштургуч жөндөмдүү адамдар айыл чарба өндүрүшүн тейлемейинче жакшы натыйжага жетишүү турмушка ашуусу кыйын экендиги байкалып жатпайбы. Чарбачылыкты башкарууну, жетектөөнү билген адамдарды өнү ккөн капиталисттик өлкөлөрдө «ак жакалар» деп атаган. Андай адамдар биздин социалисттик системада да жетишээрлик болгон. Алар пайдаланылбай тышта калышпадыбы.

Ушул учурда Кытай республикасында социалисттик айыл чарбасы кандай өнүгүп жаткандыгына кайрылып көрөлү. Алар ар бир үй-бүлөөгө тийиштүү

жер аянттарды арендага 50 жылга дейре бекитип берип «үй-бүлөөлүк подряд» деп атап койушту. Кытай өлкөсүн, элин дүйнөдөгү күчтүү, экономикасы өнү ккөн мамлекетке айландыралы деген ураан менен чет өлкөлөрдөгү, өз өлкөсү ндө жашап жаткан баардык кытайларга чакырык таштап элдин намысын, духун эбегейсиз жогоку деңгээлге көтөрдү. Бул чакырык бүткүл кытай элинин ички сезимин жогору көтөрүп чет өлкөлөрдө жана өз ичинде жашаган кытайлар мамлекеттине колунан келген акчаларды чогултуп беришти жана берип жатышат. Ал эми баардык кытайлар чоң демилге менен өз жумуштарында өндүрүмдүү иштөөнү адатка айландырышты.

Эмне үчүн кичинекей Кыргызстан мамлекеттинин өкмөтү ушиндай иштерди уюштура албайт. Мындан башка деле обьективдүү өнүгүү жолдорубуз бар, бирок уюштуруучу өкмөт колго алып демилге менен ишти жүргүзө албай жатат.

Кытай мамлекетин өнүктүрүп жаткан бир эле коммунисттик партиянын жетекчилигинин астында жүрүп жатат. Рыноктук чарбачылыка өтүүнү коммунистик партиянын программасы боюнча – элдин жана экономиканын ахвалын эске алып акырындык менен этаптарга бөлүп кандай ийгиликтерге жетиишти, же кандай кемчиликтер кеткендигин анализдеп ишке ашырууну сунуштаган. Ошол программанын негизинде рыноктук мамилеге жетүүнү үч этапка бөлүштүргөн - экономиканын өнүгүүсүн туруктуу кылуу; экономиканы жакшы өнүктүрү; рынокко кирүү .

Так жана туура иштелип чыккан программанын негизинде экономиканын туруктуулугуна жетишип, эми өнү гү ү жолунда иштей башташты. Мурдагы союздук республиканын өлкөлөрү (Белоруссия жана өзбекистандан тышкаруу) Россиянын жана Батыш Европанын, айрыкча Американын кеңеши менен «шоковый терапия» ыкмасын колдонуу менен тез эле рыноктук мамилеге өтүп кетебиз деген негизсиз ойлор ишке ашпай калды. Ал тургай чоң кыйроого учурап «аңга түшкөн аюудай» айкырып кала беришти. Экономиканы аңдан чыгаруунун мурда эле капиталисттик өлкөлөр пайдаланып келген жакшы ыкмасы бар, бирок ал жөнүндөгү сөз өзүнчө айтылышы керек.

Кытай мамлекеттинин экономикасынын болуп көрбөгөндөй өнүгүп жатыышынын эмне себептен болуп жаткандыгы жөнүндө сөзүбүздү уланта берели. Алар негизсиз эле социалисттик системаны талкалап жок кылуу менен рыноко секири өтүүнү таакыр туура эмес деп беллгилешет. Алды менен социалисттик экономиканы өнүктүрүп (бул реформа 1978 жана 1985 жылдада), элди тамак-аш. кийим-кече, жылуулук менен камсыз кылууну биринчи маселе деп кабыл алышкан. Ошондуктан ишти айыл жеринде жашагандардын турмушун жакшыртуудан баштаган. Бул биринчи милдетти Кытай өкмөтү жана коммунистик партиясы жогорку деңгээлде орундады десек болот.

Реформанын экинчи этабында шаардык социал исттик ишканалардын иштешин рыноктун талабына ылайыкташтырууну максат кылган. Бул иштер (1985-1991 жылдарда) акырындык менен социалистик ишканаларды

талкалабастан эле жаңы ишканалар менен бирдикте өнүгө баштады. Борбордук өкмөт шаардык ишканалар менен бирге мамлекеттик ишканаларга дагы реформалоону жүргүзүүнү сунуштай баштады. Бул ишканалар өздөрү өндүрүүчү продукциянын түрлөрүн жана ассотименттин, алардын көлөмүн белгилөөгө кеңири укук берилди. Каалашынча жумушуларды кабыл алып, каалаган продукцияларды рыноктук баада сатып алууга мүмкүндүк берилди. Шаардык жана мамлекетти ишканаларды башкаруучулардын саны азайгандыгына байланыштуу чоң суммадагы финансалык ресурстар үнөмдөлүп өндүрүштү өнүктүрүүгө жумушала баштады. Ушундай реформалардын натыйжасында Кытай көмүр, цемент, пахта жана иахтадан токулган кездемелерди өндүрүү боюнча дүйнөдө биринчи орунга чыгып, эми продукцияны экспортко чыгаруу тармагында иштей баштады.

Мамлекеттик ишканалардын көпчүлүгү кыскартылды, себеби алар малекеттик дотацияда турушкан, ошондуктан өлкөнүн бюджетине чоң оордук келтирген. Үстүбүздөгү учурда мамлекеттик ишканалар рентабелдүү иштеп жатышат. 1996 жылы эле миңдеген ишканалар акционердик коомго айландырылган, алар иштеринин жыйынтыгы үчүн акционерлердин алдында жооп беришет. Калган 300 миң ишканалар банкрот деп жарыяланып калоочуларга сатылып жеке менчик ишканаларга айландырылды. Мына ушундай күн мурун жакшы ойлонулуп туура чечилген иш чаралардын негизинде ишканалар акырындык менен рынок шартына которулуп жатат.

**УДК 37**

***Чекиров К.М.***
*профессор Восточного университета им. М.Кашгари-Барскани*

## РОЛЬ И ЗНАЧЕНИЕ МАТЕМАТИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Аннотация.*** *В данной статье раскрыта роль и значение математического образования. Рассмотрены вопросы изучения математики. Показана структура математического образования.*

***Annotation.*** *In this article the role and importance of mathematics education. The problems of the study of mathematics. It shows the structure of mathematics education.*

***Ключевые слова:*** *математическое образование, математика, процесс изучения математики, математические методы, структура математического образования.*

***Keywords:*** *mathematics education, mathematics, the process of learning mathematics, mathematical methods, the structure of mathematics education.*